УДК:37.013.42

*Акматов Ө.С., доцент, Батырбекова Кереза*
*Ош мамлекеттик университети*

# ӨСПҮРҮМДӨРГӨ ЖАНА ЖАШТАРГА КАРАТА СОЦИАЛДЫК ТАРБИЯ

# СОЦИАЛЬНОЕ ВОСПИТАНИЕ ПОДРОСТКОВ И МОЛОДЕЖИ

# SOCIAL EDUCATION FOR ADOLESCENTS AND YOUTH

***Аннотация:*** *Макалада өспүрүмдөр менен жаштар баалуулуктары жана андагы социалдык тарбиянын мүнөздүк өзгөчөлүктөрү концептуалдуу иликтөөгө алынган.*

***Аннотация:*** *В статье концептуально анализируются ценности подростков и молодёжи, и характерные особенности социального воспитания.*

***Abstract:*** *The article conceptually analyzes the values of adolescents and young people, and the characteristics of social education.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *социалдык тарбия, өспүрүмдөр менен жаштар баалуулуктары, гуманизм, филантропия, социомаданий жана социожаратылыштык гармония, альтруизм, ата-энелер.*

***Ключевые слова:*** *социальное воспитание, ценности подростков и молодёжи, гуманизм, филантропия, социокультурная и социоприродная гармония, альтруизм, родители.*

***Key words*****:** *social education, the values of adolescents and youth, humanism, philanthropy, sociocultural and socio-natural harmony, altruism, parents.*

Адамзатты рухий кризистен алып чыгуунун негизги жолдорунун бири – коомчулукту, айрыкча өспүрүмдөр менен жаштарды түрдүү элдердин адептик баалуулуктарынын, жашоо тажрыйбасынын негизинде тарбиялоо, адамдардын мамилесинде гуманизм идеяларынын диапазонун кеңейтүү, интеллектуалдык, сезимдик (иррационалдык) жана этикоэстетикалык өнүгүүнү айкалыштыруу – обьективдүү зарылдык болуп саналат.

Кылымдар бою топтолгон рухий баалуулуктарга этияттык менен мамиле жасоо, ар бир прогрессивдүү жана гумандуу жетишкендиктерди улуттук жана жалпыадамзаттык казынага айландыруу зарылдыкты туудурат. Анткени, адамдар социалдык мамилелерди жүзөгө ашырууда материалдык баалуулуктардын, илим, билим, технология, эмгек ыкмаларынын, баалуу мурастардын, салттуулук, моралдык нормалар, принциптер, идеалдардын канонунда баарлашышат. Дал ошол социалдык тарбия – белгиленген рухий-социалдык өнүттөрдүн интеграциясы аркылуу турмушка ашып турат.

*Абсолюттук баалуулуктар:* гуманизм, филантропия, социомаданий жана социожаратылыштык гармония, социалдык адилеттүүлүк, альтруизм – социалдык тарбиянын негизги чакырыктары. Анткени:

- *мейкиндик алкагында* (горизонталдык багытта) дүйнөнүн кайсыл гана аймагы болбосун, социумдун ким экендигине, улутуна, расасына курагына, жынысына, тегине, социалдык абалына карабастан; аталган баалуулуктар идеалдуу жана реалдуу кубулуш.
- *мезгилдик (тарыхый) алкакта* (вертикалдык багытта) коомдук аң-сезимдин алгачкы доорлорунан тартып, постиндустриалдык цивилизацияга чейин жана мындан аркы адамзаттын келечек коомдору үчүн дагы түбөлүк актуалдуу чакырыктар.

Социалдык тарбиянын мындан сырткары *колдонмо: мезгилдик жана локалдык баалуулуктары* диапазонунун чакандыгына карабастан таасир этүүчү динамикасы жогору болгон факторлорун айтууга болот. Мында этномаданий, аймактык, тарыхый, курактык, жыныстык, социалдык, кесиптик, инсандык керектөөлөргө же, таламдарга ылайык айырымалуу шартталган субмаданияттар баалуулуктарды турмушка ашырышат.

Ар кандай өз алдынчалыкка ээ болгон элдин моралдык аң-сезими менен баалуулуктарына конкреттүү – мезгилдик жана локалдык талдоо жасоо – төмөнкү суроолорго жооп берүүнү талап кылат. Тигил же, бул элдик баалуулук талаптары тарыхый зарылдыкка дал келеби?

Бул жагдайда моралдык норма жана идеалдардагы позитивдүү жактарды эле көрсөтпөстөн, социалдык прогресске дал келбеген жүрүм-турум кыбылуштарын да ачып берүү максатка ылайыктуу.

Учурдагы этикалык социомаданий кырдаал өзүнүн көп кырдуулугу, татаалдыгы жана глобалдуулугу менен айырмаланып турат. Бул өзгөчөлүк жашоону жана адамзаттык цивилизацияны сактоо үчүн болгон күрөштүн алдыңкы планга чыгышы менен мүнөздөлөт. Ар бир элдин моралдык баалуу тажрыйбасын өздөштүрүү, моралдык баалоо диапазонун кеңейтүү, моралдык өз-ара мамилени тереңдетүү – мезгил талабы. «Любой народ, где бы он ни жил, а каким бы малочисленным ни был, представляет собой стремительно возрастающую с годами и веками общечеловеческую ценность – он несет в будущее земной истории неповторимую свою культуру, язык, предания старины, обычаи, ремесль».[1] Демек, ар бир элдин этномаданий моралдык баалуулуктарына аяр мамиле жасоо – адамзаттык цивилизацияны сактоо шарты катары кызмат өтөйт. Себеби, мораль – адам маданиятын түзүүчү маанилүү фактор болуп эсептелинет.

Бүгүнкү күндө бүткүл дүйнөдө моралдуулуктун төмөндөп бара жатышы турмуштук практикада далилденүүдө. Комфорттуулук, материалдык ийгилик үстөмдүккө жетишүүдө. Бир жактуу материалдык жыргалчылыкка умтулуу болгон жерде ар-намыс жоголуп, ыймандык нормалар четке кагылат. Мындай учурда үстөмдүк кылган “ач көздүк”, “дүнүйө параздык” адамдарды бири-биринен оолактатып, коомдун, деградациясына алып келүүдө.

Гуманисттик принциптерди туу туткан элдин гана улуттук аң-сезими жогорку деңгээлде болуп, рухий өнүгүүгө, тарыхтагы өзүнүн ролун аңдап билүүгө жөндөмдүү. Мына ушулардын бардыгы улуттун же, мамлекеттин туруктуу өнүгүшүнүн зарыл шарты болуп саналат. Учурдагы глобалдык кризис шартында коом үчүн жогорку моралдык деңгээл өзгөчө зарыл. Анткени, интеллектуалдуу, адептүү жана альтруисттик багыт гана учурдагы татаал кырдаалдан алып чыгаары айкын болуп олтурат.

Коомдук ыймандуулуктун жогорку деңгээлине жалгыз эле жалпы жана профессионалдык билим аркылуу жетишүүгө мүмкүн эмес. К.Д. Ушинский белгилегендей, «Нет, – одного ума и одних познаний еще не достаточно для ускорения в нас того нравственного чувства, того общественного цемента, иногда согласно с рассудком, а часто и в противоречии с ним, связывает людей в честное, дружеское общество… воспитание, семейное и общественное вместе с влиянием литературы общественных сил, может иметь сильное и решительное влияние на образование нравственного достоинства в человеке».[2]

Учурда – уурулук, араккечтик, баңгилик, сойкулук, чектен чыккандык, селсаяктык, коррупция, криминалдуулук, террорчулук – жалпы эле коомдун рухий саламатсыздыгы же, жардылыгы – коомду катастрофалык абалга алып келүүдө. Мына ушундай жоготуулар адамдарга терс психологиялык таасирин тийгизүүдө. Тилекке каршы. күн өткөн сайын адамдардын мамилелери жеке пайда, эгоистик кызыкчылыктар, өз каалоолорун примитивдүү канааттандыруу аркылуу гана жөнгө салынып ар-намыс, абийир принциптери маңызын жоготуп баратат.

Өспүрүмдөр менен жаштардын социалдашуусуна терс таасирин тийгизүүчү жалпыадамзаттык маданияттын учурдагы залалдуу кубулуштары катары “массалык маданияттын” кесепеттеринен көрүүгө болот. Массалык маданияттын терс кубулуштары тиражданган видеофильмдер, парнография, атайын уюштурулган ток-шоулар – коомдун ыймандуулугуна чоң зыян келтирүүдө. Массалык маданият өзүнүн мазмуну боюнча демократиялуу сыяктанганы менен, чыгармачыл, рухий-ыймандык сапаттагы адамды –

---

[2] Ушинский К.Д. О нравственном элементе в русском воспитании. С. Петербургь. 1894. 55с.

программалаштырылган адам түспөлүнө дейре алып баруучу реалдуу коркунучтарды жаратууга жөндөмдүү. Анын көп сериялуу, тираждалган продукциясы:

- адамдар арасындагы мамилелердин жупунуланышына;
- сентиминталдуулуктун, оюнкарактуулуктун, шаан-шөкөттүүлүктүн өкүм сүрүшүнө;
- зомбулуктун, сексуалдык, натуралдык тамшандырууучулуктун дене кумарын жазуунун күч алышына;
- материалдык же, акча-буюм ийгилигине ээ болушуна, комфорттук жетишкендиктин жогорку баалуулука айланышына;
- жупуну символикаларга сыйынуунун жана маданияттын деңгээлинин төмөндөшүнө – алып келүүдө.

Техникалык-индустриялык цивилизация бир жактуу өнүгүүгө багыт алып, адамзатты рухий баалуулуктардан оолактатып жатканы айдан ачык көрүнүп турат. Жаштардын романтикалык жашоо образы, өзүнө ишенүү сыяктуу салттуу мүнөздөмөлөрүнүн жоголушу байкалууда. Эгоизм менен прагматизм жогору бааланып, рухий-маданий баалуулуктар бааланбай калууда. Рухий баалуулуктар материалдык баалуулуктар менен алмашууда. Турмуштук тажрыйбанын жоктугу, өзүнүн жана башкалардын жүрүм-турумун адекваттуу баалай албоо, керек эместик, жалгыздык сезимин курчутуп, криминалдык чөйрөгө, өзүн-өзү өлтүрүүгө түртүүдө.

Жаш курак боюнча өспүрүм курак менен жаштык курак өтө татаал курактардан. Социалдык педагогикалык иликтөөлөргө ылайык алардын курактык өзгөчөлүктөрдүн төмөндөгүдөй этаптарда классификациялоого болот. Алар:

- *кичи өспүрүм курак* – 10 жаштан 12 жашка чейин;
- *улуу өспүрүм курак* – 12 жаштан 14 жашка чейин;
- *эрте жаштык курак* – 15 жаштан 17 жашка чейин;
- *орто жаштык курак* – 18 жаштан 23, 25 жашка чейин;
- *улуу жаштык курак* – 23, 25 жаштан 30, 35 жашка чейин;

Өспүрүмдөр менен жаштарды тарбиялоодо бул курактардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн билүү чон мааниге ээ. Өспүрүм курактагы өнүгүүнүн темпинде индивидуалдык айырмачылыктар орун алышы мүмкүн. Жыныстык жетилүүгө, ички секрециянын функциялашына байланыштуу организмдин физиологиялык кайра түзүлүү процесси жүрүп, зат алмашуу журөт. Тездеген физикалык өнүгүү ички органдардын өсүшүнөн ашып кетишинен белгилүү дисбаланс пайда болушу мүмкүн. Борбордук нерв системасынын функционалдык өнүгүшү интенсивдүү түрдө жүрөт. Абстрактуу ой-жүгүртүү өсүп, баш мээнин дүүлүгүшү күчөйт, нерв клеткалары тез чарчайт. 11-15 жашта жыныстык идентификация кризиске учурап, төмөндөгү психологиялык өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлөт:

- ата-энелерге карата негативизмдин;
- эмансипация реакциасынын;
- тарбия канчалык катаал болсо, ошончолук эркиндикке, өз алдынчалыкка умтулуунун;
- баалоодогу максимализмдин;
- активдүүлүктүн көбөйүшүнүн же, депрессияга дуушар болуунун – күч алуусу өкүм сүрөт.

Бул мезгилде өспүрүм өзүнүн сырткы келбетине көп көңүл бура баштайт. Эмоционалдуулугуна байланыштуу кыз балдар катаалдыкты, адилетсиздикти көпкө чейин унута албайт. Ата-энелер менен баарлашууда өзгөчө түшүнүүнү каалашат. Кыз балдарды алардын негизги парыздык миссиясы – энеликке, үй-бүлөдөгү эмоционалдык лидерликке даярдоо зарылдыкты туудурат.

Эркек өспүрүмдөр кыска мөөнөттөгү тапшырмаларды оңой аткарышып, өздүк баалоодо көп каталыктарды кетиришет. Бул мезгилде өспүрүмдүн активдүүлүгүн пайдалуу ишмердүүлүккө – өзүнүн күчүнө жана мүмкүнчүлүгүнө болгон ишенимди бекемдөө максатына багыттоо зарыл. Ата-энелер балдарда парыз, жоопкерчилик, ар-

наамыс сезимдерин чыдамкайлык менен өнүктүрүшү зарыл. Өспүрүмдөр биологиялык тез жетилген менен социалдык өнүгүүсү артта калат.

Социалдык жетилүүнүн критерийлери катары төмөнкүлөр эсептелет. Алар: эмгек ишмердүүлүгүнө болгон мамиле; билим алууну аяктоо; экономикалык көз карандысыздык; армияда кызмат өтөө; үй-бүлө куруу; баланын төрөлүшү.

Бул мезгилде субьективдүүлүктөгү өздүк аң-сезим ойгонуп, социалдык активдүүлүк өнүгөт. Өспүрүмдүн социалдык багыт алуусунда ата-энелер, алардын коомдук активдүүлүгү, жеке үлгү, көз караштар, ишенимдер система, талкууланууучу окуялардын мүнөзү чоң роль ойнойт. Мында ата-энелер менен болгон мамиленин стили негизги орунда турат.

Өспүрүмдүн психосоциалдык өнүгүшү үч чөйрөдө өтөт. Алар: ата-энелер менен болгон өз ара мамиледе; үйдөн тышкаркы улуулар менен өз ара катышта; теңтуштар менен болгон мамиледе.

Үй-бүлө, жашы улуулар акырындык менен экинчи планга чыгат. Теңтуштар менен чогуу өткөргөн убакыт көбөйүп, алардын чөйрөсүндө кабыл алынган нормалар жана критерийлер чон мааниге ээ болот. Теңтуштар менен баарлашуу – ишмердүүлүктүн, өз-ара мамилелердин өзгөчө түрү. Тайпалык баарлашуу социалдык өз ара аракеттенүүнүн зарыл ыкмаларын иштеп чыгат. Анын жардамы аркылуу коммуникативдүү сапаттар калыптанат. Экинчиден, мындай баарлашуу – маалымат алуу ыкмасы, контакттын, жолдоштук колдоонун, тендиктин өзгөчө түрү.

Теңтуштары менен баарлашуу жаштардын субмаданиятынын өзгөчөлүктөрү менен тыгыз байланышкан. Алар: жүрүм-турумдун нормаларын, баалуулуктарды, кийинүү формасын тандап алуу, сырткы көрүнүш, өздөрүнүн жалпылыгын сезүү, жүрүм-турум манерасы ж.б.у.с.

Алар улуулардын атрибуттук үлгүлөрүн – кийим-кече, прическа, макияж – гана эмес, жүрүм-турумдун аморалдык жагдайларын – чегүү, сөгүү, алкоголду, баңги заттарды колдонууну да тандап алышат. Бул тандоого улуулардын социалдык ролу жөнүндөгү билимдин жоктугу чон таасирин тийгизет. Аморалдык жагдайлардын социалдык, физиологиялык кесепеттерин көрө албагандыктын натыйжасында өспүрүмдөр ал терс көрүнүштөрдү нормадан четтөө катары түшүнүшпөйт. Андай көрүнүштөрдүн массалык жайылышы нормалдуу жүрүм-турум иллюзиясын түзөт. Натыйжада, жаштардын субмаданиятында нормалдуу жана нормалдуу эмес жүрүм-турум, баалуулуктардын «өспүрүмдүк» системасы пайда болот.

Өспүрүмдүн негизги максаты – өзүнүн чоңоюп калгандыгын далилдөө. Эркек балдар үчүн бул курак – сексуалдык мамилелер жөнүндөгү маалыматтарды өздөштүрүү доору. Аларды процесстин өзү эмес, ал жөнүндөгү маалыматтар көп кызыктырат. Маалыматтардын көптүгү: порнография, порнофильмдер – чоң зыян алып келет. Андан гомосексуализмге, дисгармониянын бузулушуна алып келүү күтүлөт. Бул мезгилде кыз балдарда интимдик достукка болгон талап күчөйт, аларда сезимдикке караганда психологиялык жакындык тез өнүгөт.

Мына ошентип, учурку глобал проблемалар: түрдүү катастрофалык кубулуштар, баңгилик, социалдык ооруулар, «массалык маданияттын» терс кубулуштары, үй-бүлөлүк мамилелердин ыдырашы, уурулук, криминалдуулук, ичкилик, сойкулук, селсаяк жүрү-турум ж. б. жаштар арасындагы баалуулуктардын рухий кунарсыздыгынан, келип чыгууда. Аталган маселелерди жөндөштүрүүдө социалдык кызматтын социалдык-педагогикалык миссиясында этномаданий салттуу тарбия менен профессионалдык атайын тарбиянын гармониясы актуалдуу.

**Адабияттар:**

1. Личность и воспитание: роль образовательных технологий в соврем. школе /Материалы междунар. конф. Ч. 2. -Ош: ОшМ,  - 2001. – С.341
2. Мудрик А.В. Социальная педагогика: / Под ред. В.А. Сластенина. – 3-е изд., испр. и доп.. – М.: Изд. центр «Академия», -2002. – С.200

3. Социальная педагогика / Под ред. В.А. Никитина. – М.: Гуманит. Изд. центр ВЛАДОС, - 2002. – С.272
4. Ушинский К.Д. О нравственном элементе в русском воспитании. С. Петербургъ. - 1894. - С.55
5. Чивилихин В.А. Память Роман-газета.-1982.-№16.